«БЕКИТЕМИН»
К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин ректору,
э.и.д., профессор Кантороева А.К.
______________________
“ 29 ” ______04______ 2024-жыл.

**К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин Юриспруденция кафедрасынын кеңейтилген кошмо отурумунун №___7___ протоколунан**

**КӨЧҮРМӨ**

Жалал-Абад шаары “ 29 ” ___04___ 2024-ж.

**Катышкандар:**

Улан уулу Авакан – PhD, доцент, чогулуштун төрагасы;
Кулдышева Г.К. – ю.и.д., профессор;
Мурзаибраимов Н.Б. – ю.и.д., профессор;
Пазылов Н.А., ю.и.к., доцент;
Омурзаков С.А. – э.и.д., профессор;
Омошев Т.Т. – п.и.к., профессор;
Юлдашов К.К. – ю.и.к., доцент;
Калиев А.С. – саясий и.к., доцент;
Токтоболотова С.А. – саясий илимдер кандидаты, доцент;
Пулатова Г.Т. – э.и.к., профессор;
Сулайманова Д.К. – э.и.к., профессор;
Атаканов Б.К. – э.и.к., доцент;
Сайпидинов Б.Р. – доцент;
Капарова Г.Т. – доцент;
Хасанова Б.А. – доцент;
Толонов Т.Т. – окутуучу;
Досалиева К.А. – окутуучу;
Мустапакулов У.А. – окутуучу;
Мадышева Ш.И. – ага окутуучу.
Абдраимова С.Ч. – окутуучу;

**Күн тартибиндеги маселе:**

Изденүүчү Чонатаева Мээримай Салижановнанын “Кыргыз Республикасындагы аялдардын эмгегин укуктук жөнгө салуу” аттуу темадагы

темадагы 12.00.01. – Укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; Укук жана мамлекет жөнүндөгү окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо

**Угулду: Жыйындын төрагасы, Юриспруденция кафедрасынын башчысы, PhD, доцен Улан уулу Авакан:**

Урматтуу жыйындын катышуучулары, сиздерди изденүүчү Чонатаева Мээримай Салижановнанын резюмеси менен тааныштырып өтөйүн.

Изденүүчү Чонатаева Мээримай Салижановна 1991-жылдын 14-декабрында төрөлгөн, улуту – кыргыз. Кыргыз Республикасынын жараны.

Билими:

- жогорку, 2014-жылы Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясын "Укуктук менеджмент" адистиги боюнча аяктаган;

- 2018-жылы Жалал-Абад шаарындагы Эл аралык университетин "Юриспруденция" адистиги боюнча аяктады.

- 2020-жылы Жалал-Абад шаарындагы СМУ ну "Юриспруденция" адистиги боюнча аяктап, магистр академиялык даражасын алды.

- 2024-жылы К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин Аспирантурасын "Юриспруденция" багыты боюнча аяктады.

Турмушка чыккан, төрт баланын энеси.

Изденүүчү Чонатаева Мээримай Салижановна учурда К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин "Юриспруденция" кафедрасында иштейт.

Диссертациялык изилдөөсүнүн темасы «Кыргыз Республикасындагы аялдардын эмгегин укуктук жөнгө салуу», адистиги 12.00.01. – Укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; Укук жана мамлекет жөнүндөгү окуулардын тарыхы. Диссертациянын темасы К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин Окумуштуулар кеңешинин чечимдерин бекитүү жөнүндөгү ЭАУнун ректорунун 2021-жылдын 3-майындагы № 62-буйругу менен бекитилген.

Изденүүчү диссертациянын темасы боюнча Кыргыз Республикасынын илимий журналдарында жана чет өлкө журналдарында жарык көргөн 18 басылмаларында чагылдырылган эмгектерге ээ. Илимий жетекчиси – юридика илимдеринин доктору, профессор Кулдышева Гулсара Кенжеевна.

Диссертациялык иштин мазмуну менен көпчүлүгүңүздөр таанышсыздар, ошентсе да иштин негизги жоболору жана анда каралган маселелер менен дагы бир ирет тааныштыруу үчүн сөздү диссертант Чонатаева Мээримай Салижановна берели.

**Чонатаева Мээримай Салижановна:**

Саламатсыздарбы, урматтуу бүгүнкү жыйындын катышуучулары, урматтуу кесиптештер, урматтуу Ош шаарынан келишкен биздин ардактуу коноктор!

Сизгерде сунуштап жаткан «Кыргыз Республикасындагы аялдардын эмгегин укуктук жөнгө салуу» аттуу диссертациялык ишимдин темасы бүгүнкү күндүн актуалдуу маселелеринин бирине арналган деп эсептеймин.

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.**

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жүргүзүлүп жаткан реформаларга байланыштуу эмгек укуктун чектериндеги өндүрүштүк жана социалдык функциялардын өз ара байланышын жана алардын өзгөчө маанилерин изилдөө проблемалары жаралууда. Жумуш берүүчүлөрдүн өз кызматкерлеринин үй-бүлөлүк шарттарына жетишерлик деңгээлде көңүл бөлбөгөнүнөн улам алардын көп учурларда жумушка чыкпай калуусу, ал тургай, кадрлардын бат-бат жумуштан чыгып кетүүгө аргасыз болуусу, жаңыдан алынган кызматкерлерди жумушка үйрөтүүгө кеткен ашыкча чыгым жана убакыт проблемалары пайда болууда.

Өндүрүштү өнүктүрүүгө кызыгдар болгон ар бир мамлекет аялдардын эмгегин укуктук жактан жөнгө салууга умтулууга тийиш. Ошентсе да, аялдардын эмгекке болгон укуктары эркектерге салыштырмалуу бир топ кечирээк мыйзамдык негиздерде бекитилген. Чынын алганда, эмгек, өндүрүшкө байланышкан эң алгачкы мыйзамдарда эркектер менен аялдардын эмгекке болгон укуктук тартиптери жетишерлик деңгээлде так ажыратылып аныкталган эмес десек да болот.

Коомдогу аялдардын эмгегин туура уюштуруу жалпы мамлекеттик маанидеги маселе, аны ийгиликтүү ишке ашыруудан эркектер менен аялдардын тең укуктуулугунун эң эле маанилүү маселелери чечилет. Буга байланыштуу дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндө аялдардын эмгекке болгон укуктарын жөнгө салуу абдан актуалдуу проблемалардын бири жана ал кошумча регламентацияларды талап кылат.

Мына ушул себептүү да эмгек кодекстерине жана мыйзамдарына аялдардын эмгектерин жеңилдетүү боюнча бир топ ченемдик актылар киргизилген. Аялдардын эмгегин жеңилдетүүнүн, жумуш убактысын кыскартуунун кагаз бетинде гана калбастан толугу менен турмушка ашырылуусу азыркы учурда бүткүл дүйнөлүк укук таануучулардын көңүлүн өзүнө буруп келет.

Биздин диссертациялык изилдөөбүздө козголгон проблемалар укуктук-юридикалык багытта кем изилденилген маселелерден. Ушул себептүү да аялдарды жумушка алуу, жумуштан четтетүү, жумуш мезгилинде аларга ар түрдүү себептер боюнча убактылуу иштен бошонуп туруу боюнча уруксат берүү, аялдар үчүн ыңгайлуу болгон мезгилдерде аларга эмгек өргүүсүн

берүү (трудовой отпуск) жана ошондой эле алардын үй-бүлөлүк милдеттерин аткаруусуна жолтоолук түзбөө боюнча эмгекке болгон укуктук ченемларды жогорку деңгээлде иштеп чыгуу мамлекеттин күн тартибиндеги милдеттерден.

Жыйынтыктап айтканда, биз тандап алган диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу Кыргыз Республикасында аялдардын эмгегин укуктук жактан иретке келтирүүнүн проблемаларына комплекстүү түрдө теориялык-практикалык анализ жүргүзүүнүн объективдүү зарылчылыктары менен шартталган. Аял-кызматкерлер менен жумуш берүүчүлөрдүн кызыкчылыктарын адилеттүү түрдө балансташтырууну издөө жана ошондой эле аялдардын эмгек акысында эч кандай адилетсиздиктин, аларга карата кандайдыр үстүртөдөн басынтуунун, дискриминациялык аракеттердин пайда болуусуна жол бербөө максаттарында жүргүзүлүүчү иштер дагы эле болсо алдыда арбын. Жаш кыз-келиндерге жетекчи кызматтагы эркектер тарабынан алардын каалоо-сезимдерине каршы тийиштик кылуу проблемалары да дайыма курч маселе катары каралып келүүдө.

**Диссертациялык изилдөөнүн объектиси** болуп Кыргыз Республикасында аялдардын эмгегин укукутук жөнгө салуу жаатында коомдук мамилелер саналат.

**Изилдөөнүн предмети.** Кыргыз Республикасында аялдардын эмгегин укукутук жөнгө салуучу мыйзамдык нормалардын мазмуну, иш жүзүндө колдонулуп жаткан укуктук позициялар.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Изилдөөнүн **максаты-** аялдардын эмгегин жөнгө салуу боюнча Кыргыз Республикасынын жеке эмгек укугунун институттарынын ченемдерин иштеп чыгуунун өзгөчөлүктөрүн теориялык жана укуктук изилдөөнүн негизинде аялдардын эмгеги боюнча колдонуудагы ченемдерди талдоо жана колдонуудагы эмгек мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

Коюлган бул максат төмөнкүдөй **милдеттерди** чечүүнү аныктады:

- Кыргыз Республикасында эмгек укугун ишке ашырылуусундагы гендердик аспектилердин көйгөйлөрүн аныктоо;

- Кыргыз Республикасында аялдардын эмгегин жөнгө салуунун мыйзамдык негиздерин талдоого алуу;

- аялдардын эмгегин жөнгө салуунун эл аралык стандарттарын изилдөөгө алуу, алардын алгылыктууларын мыйзам чыгаруу органдарына сунуштоо;

- Кыргыз Республикасында аялдардын жана үй-бүлөлүк милдеттери бар адамдарды ишке орноштуруунун өзгөчөлүктөрүн кароо;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аялдардын эмгек шарттарынын өзгөчөлүктөрүн талдоо;

- Кыргыз Республикасындагы аялдардын эмгегин коргоо маселелерин изилдөө;

- Кыргыз Республикасында эмгек чөйрөсүндө аялдарды коргоонун механизмдерин талдоо жана аны өркүндөтүү жолдорун аныктоо.

**Изилдөөнүн методологиялык негиздерин** коомдук жашоо-турмуштун ар кандай жагдайларын изилдөөгө алуучу таанып-билүүнүн диалектикалык методдору түздү. Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө жалпы илимий методдор (анализ, синтез, изилдөө иштерине карата системалык жана структуралык мамиле жасоо ыкмалары ж.б.) активдүү колдонулду. Ошондой эле, төмөнкүдөй жекече илимий методдор: тарыхый, системалык-структуралык, салыштырма-укуктук, формалдуу-логикалык, укуктук моделдөө, документалдык, статистикалык ж.б.у.с. методдор ылайыгына жараша орду-орду менен пайдаланылды.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы.** Бул диссертациялык изилдө ата мекендик эмгек укугу илиминде Кыргыз Республикасынын эмгек укугунун бир катар ченемдерин аялдардын эмгегине карата эмгек укугунун жеке институттарынын мисалында биринчи жолу теориялык-укуктук жактан изилдөө болуп саналат.

Изилдөөлөрдүн негизинде Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарын өнүктүрүү боюнча сунуштар иштелип чыккан.

**Коргоого чыгарылуучу негизги жоболор.**

1. Аялдардын эмгекке болгон укуктарынын өзгөчөлүктөрү алардын эмгек мамилелериндеги өзгөчө укуктук статусуна байланыштуу. Эмгек мамилелериндеги аялдардын укуктук абалынын өзгөчөлүгү алардын эмгектеги укуктук субъектилигин чектелген мүнөзү жана эмгек укуктарын ишке ашыруу процессинде өзгөчө спецификалык укуктук кепилдиктердин болушу менен айырмаланат.

2. Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 93-беренесине айрым түзөтүүлөрдү киргизүү менен ага төмөнкүдөй мазмунда кошумча абзацты киргизүү максатка ылайыктуу деп эсептейбиз: «Бала багуу боюнча өргүүдө жүргөн аялдар, баласы бир жарым жашка чыкканга чейин, толук эмес жумуш убактысында иштеген учурларда, анын узактыгы эмгек келишиминин тараптарынын макулдашуусу боюнча белгиленет. Баланы багуу боюнча мамлекеттик жөлөкпулду төлөө аялдын толук эмес жумуш убактысында иштеген убактысына карабастан жүргүзүлөт».

3. 1993-жылдын 16-августундагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №380 Токтому менен бекитилген аялдардын убактылуу эмгекке жарамдуулугун жоготкондугу боюнча көрсөтмөнүн 17-пунктуна төмөнкүдөй мазмундагы кошумча абзацты киргизүү керек деген ойдобуз: «Башка аялга (суррогаттык энеге) алардын ортосундагы макулдашууга ылайык эмбрионун имплантациялоого макулдугун берген аялга бала төрөлгөндөн кийин 70

календардык күн (эки же андан көп бала төрөлсө 110 календардык күн) акы төлөнүү менен эмгекке жарамсыздык уруксат кагазы берилет.

4. Эмгек мыйзамдарынын ченемдерин талдоо Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине 59-статьянын 4-пунктуна төмөнкүдөй мазмундагы толуктоолорду киргизүү боюнча сунушту иштеп чыгууга мүмкүндүк берди: «Аялдардын кош бойлуу же балалуу экендигине байланыштуу себептерден улам алар менен эмгек келишимин түзүүдөн баш тартууга тыюу салынат», бул менен аялдарга эмгек келишимин түзүүдө кепилдиктер орнотулат.

5. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аялдарды эч себепсиз жумушка алуудан баш тартууда же кош бойлуу аялдарды олуттуу себепсиз жумуштан бошотууда жумуш берүүчүлөрдө кылмыштын белгиси каралбагандыгына байланыштуу мындай учурларда кээде жумуш берүүчүлөр өзүм билемдикке да барып коюшат. Буга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза кодексинин 27-главасына төмөнкүчө жаңы беренени киргизүүнү сунуш кылабыз: «Боюнда бар аялдарды себепсиз жумушка алуудан баш тартуу же аларды негизсиз жумуштан бошотуу» бул мыйзамды бузуу үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилигин белгилөө.

6. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 358-беренесинде каралган ченем «Үйдө иштөө үчүн эмгек келишимин түзгөн адамдар үйдө иштөөчү болуп саналат...» «үй» түшүнүгүн аныктабайт. Биз бул беренени үйдө жумуш кылгандар деп эмес «атайын эмгек келишиминин негизинде жашаган жеринде жумуш кылгандар» деп өзгөртүүнү сунуш кылабыз.

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 358-беренесинин редакциясын өзгөртүүнү сунуштайбыз «Жашаган жери боюнча ишти аткаруу үчүн эмгек келишимин түзгөн адамдар үйдө иштөөчү деп таанылат….».

7. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 304-беренесинде 3 жашка чейинки балдары бар аялдар үчүн белгилүү бир шарттарды эске алуу менен ашыкча жана түнкү жумуштарга жол берген, ошол редакциясын өзгөртүүнү сунуштайбыз. Бала бир жарым жашка чыкканга чейин эмгектин мындай түрлөрүнө тыюу салууну белгилөө зарыл, ал эми өзгөчө режимде иштөө мүмкүнчүлүгү аялга анын макулдугу менен жана ден соолугуна зыян келтирбестен баланы жашы бир жарымга жеткенден кийин гана берилиши мүмкүн.

Мындай тыюу салуу бала үчүн негизги жоопкерчиликти өзүнө алган жана аны үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнө өткөрүп бербеши керек болгон эне тарабынан балага тийиштүү кам көрүү жана камкордук көрүүнү камсыз кылат.

8. Кош бойлуу аялдарга Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 306-беренесинде белгиленген орточо эмгек акысын сактоо менен өндүрүштүн ченемдерин, тейлөө стандарттарын төмөндөтүү, башка ишке

которуу боюнча кепилдиктерде аялдарды башка ишке которуунун мөөнөтүн үч жылга чейин көбөйтүү зарыл. Үч жашка чейинки баласы бар аялды мурунку иштеген жеринде орточо эмгек акысын сактоо менен анын өтүнүчү боюнча башка ишке которууну иш берүүчүнүн милдеттенмеси катары камсыз кылуу.

**Диссертациялык изилдөөнүн теориялык жана практикалык маанилүүлүгү.** Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси, ал чет өлкөлүк позитивдүү тажрыйбаны колдонуу менен эмгек укугунун айрым институттарында аялдардын эмгегин укуктук изилдөөдөгү боштукту толтургандыгында.

Биздин диссертациялык изилдөөбүздүн теориялык жоболору аялдардын эмгегине байланышкан мыйзамдарды кайрадан карап чыгууда, аларга айрым толуктоолорду, өзгөртүүлөрдү киргизүүдө мыйзам чыгаруу органдары тарабынан колдонулууга ээ боло алат деген ишеничтебиз. Ошондой эле, айрым сунуш-пикирлерибиз жана көз караштарыбыз юридика факультеттеринин “Эмгек укугу” курсунда, аялдардын эмгекке болгон укугу боюнча атайын курстарда окутуучулар жана студенттер тарабынан пайдаланылат.

**Диссертанттын өздүк салымы**. Диссертациялык изилдөөдө алынган илимий-методикалык жана юридикалык натыйжалар диссертанттын жекече аракеттеринин жана изденүүлөрүнүн натыйжасында келип чыкты.

**Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробациясы.** Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунда даярдалды жана талкууга алынды. Изилдөөдөнүн натыйжалары кафедранын отурумдарында (заседание), республикалык жана ошондой эле эл аралык деңгээлдердеги илимий-практикалык конференцияларда жана семинарларда апробацияланды, талкууга алынды жана биз изилдөөгө алган багыт боюнча докладдар окулду.

Диссертациялык изилдөөнүн материалдары Ош мамлекеттик университетинин юридика факультетинин окуу процесстеринде колдонулууда.

**Диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларынын диссертациядагы чагылдырылыш деңгээли.** Диссертациялык изилдөөдө берилген негизги теориялык жоболор жана корутундулар, практикалык сунуштар он публикацияларда чагылдырылды.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.** диссертациялык изилдөөнүн табиятына жана өзгөчөлүктөрүнө ылайык түзүлүп, анын максаты жана милдеттери тыкыр эске алынды. Диссертациялык иш киришүүдөн, үч главадан, корутундудан, колдонулган нормативдик укуктук актылардын жана илимий адабияттардын тизмесинен турду.

**Жыйындын төрагасы:** Анда эмесе суроо-жоопко өтсөк. Суроолорду катарынан берсек, диссертант бир аз даярдык көрүп жооп берсе. Макулсуздарбы?

**Омурзаков С.А.** Диссертация чындыгында актуалдуу темага жазылган. Бирок диссертациянын илимий жаңылыктарын, диссертанттын өздүк салымын кененирээк ачып көрсөтүш керек деп ойлоймун.

**Юлдашов К.К.** Жаш аялдар менен жумуш чөйрөсүндөгү көйгөйлөр жана алардын эмгектик укуктары жөнүндө эмнелерди өзгөчө белгилейт элеңиз?

**Токтоболотова С.А.** Ишиңизде эмгектенген аялдарга байланышкан статистикалык маалыматтарды канчалык деңгээлде колдондуңуз? Бул биринчи суроом, экинчиси: ишиңизде социалдык-өнөктөштүк мамилелер аялдардын эмгек укуктарын өнүктүрүүдөгү негизги нерсе катары чагылдырылганбы?

**Сайпидинов Б.Р.** Эл аралык укукта сиз иштеген жааттагы кандай көйгөйлөр жөнүндө айта аласыз?

**Пулатова Г.Т.** Ишиңиздин структурасы Улуттук аттестациялык комиссиянын диссертациялык иштерди даярдоого койгон талаптарына ылайык келбей жаткандыгын айтып өткүм келет. УАКтын талаптарын сөзсүз сактоо зарыл. Экинчи суроом, 2.2- жана 2.3-параграфтардын темасынын аталыштары милдеттер менен жоболордо көрсөтүлгөн маалыматтарга дал келбей калган.

**Чонатаева М.С.** Берген суроонуздар үчүн чоон рахмат. Сиздер менин жумушумдагы көрсөтүп кеткен кемчиликтердин, сиздер берген сунуштардын үстүнөн дагы көп иш жүргүзөбүз. Бул биздин биринчи кадамыбыз, андыктан алдыда дагы көп иш турат.

Эми суроолорго жооп берсем. Сатыбалды Ашимовичтин алгачкы суроосунан баштайын. Жаңылыктарды биз диссертациялык иште кеңири караганбыз, бирок убакыттын тардыгына байланыштуу алардын баарын кеңири кароого мүмкүнчүлүк болбой калды. Ошол сунуштарыман дагы бирине токтолуп өтсөм. Эмгек мыйзамдарын талдоо Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 59-беренесинин 4-пунктуна төмөнкүдөй мазмундагы толуктоону иштеп чыгууга мүмкүндүк берди. Атап айтканда аялдардын кош бойлуу же балалуу экендигине байланыштуу себептерден улам аял менен эмгек келишимин түзүүдөн баш тартууга тыюу салынсын. Мунун менен аялдар үчүн эмгек келишимин түзүүгө шарт жаралат. Сиздин сунушуңузду кабыл алдым, агай, коргоо учурунда илимий жаңылыктарга кеңири токтоломун.

Юлдашов Кабылжан агай берген экинчи суроо – жаш аялдар менен эмгек чөйрөсүндө болгон көйгөйлөр жана аладын эмгек укуктары жөнүндө төмөнкүлөрдү айтат элем. Бүгүнкү күндө аялдар эмгек мамилелеринде эркектерге караганда бир далай начар абалда турушат. Эмгек орундарында жана жумушка орношууда кош бойлуу аялдар жана иштеген энелер өзгөчө аярлуу абалга кабылышат. Балдарды кароо жүгүн желкесинде көтөрүп жүрүшкөн энелер өтө маанилүү социалдык функцияны да кошо аткарышат. Бирок бул шарттар ошол эле учурда дал ушул өздөрүнүн эмгек укуктарын ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрүндөгү чектөөлөрдү жаратууда. Ошону үчүн да ушундай абалдагы аялдарга жеңилдиктерди кароо маселеси боюнча сунуш бергенбиз.

**Юлдашов К.К.** Кечиресиз, мен дал ушул жаш аялдардын эмгек укуктарын жөнгө салууда кандай өзгөчөлүктөр бар экендигин билгим келди эле. Муну менин сунушум катары кабыл алыңыз, диссертациялык ишиңизде ушул маселеге тереңирээк көңүл бурсаңыз жакшы болмок. Анткени мындай аялдардын абалы башкаларга салыштырмалуу кыйыныраак.

**Чонатаева М.С.** Рахмат агай, сунушуңузду карап чыгууга аракет кыламын. Үчүнчү суробуз устатыбыз С. Токтоболотовадан болду, өтө орчундуу суроолордон. Статистикалык маалыматтардын үстүнөн иштегенге чоң аракет көрдүк. Бул багытта, б.а. иштеген аялдар боюнча статистика комитетине кат жолдогонбуз. Убагында жооп ала албадык, бул маалыматтарды албетте алып, коргоого чейинки өзгөртүүлөрүбүзгө жана толуктоолорубузга кошобуз.

Эми экинчи суроонузга жооп берсем. Белгилүү болгондой, эмгек адамдардын толук кандуу жашоо-тиричилигинин негизги жана милдеттүү шарты болуп саналат. Бирок эмгектин жагымдуу шарттарысыз, мамлекет тарабынан кепилденген бардык эмгек ченемдери сакталмайынча өнөктөштүк мазмундагы социалдык-эмгектик мамилелер коомдун бүтүндөй экономикасынын жана маданиятынын өнүгүүсүнө оң таасирин тийгизет деп ишенүү кыйын. Биздин ишибизде Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдары чөйрөсүндөгү укук бузууларды аныктоо жана териштирүү маселелери каралган. Суроо бергениңизге чоң рахмат.

Бакыт агайыбыз берген төртүнчү суроонун жообуна өтсөм. Суроо эл аралык укук жаатында сиз караган маселелер боюнча кандай көйгөйлөрдү айта аласыз деген түрдө болду. Биз Кыргыз Республикасы “Балдардын укугу жөнүндө” Эл аралык конвенциясын, ЭЭУнун “Жумушка алыдагы эң төмөнкү жаш курак жөнүндө” №138-конвенциясын жана “Аялдарга карата болгон дискриминациянын бардык формаларын жоюу жөнүндө” конвенциясын жана ушул багыттагы башка эл аралык документтерди ратификациялаган өлкө катары таанылганын байкап жатабыз жана баса белгилейбиз. Бул

документтерге кол коюу менен биздин өлкө балдардын эмгеги менен байланышкан жана аялдардын эмгек укугун сактоого тиешелүү көйгөйлөрдү чечүү үчүн бардык зарыл болгон мыйзамдык жана саясий чараларды көрүүгө болгон так жана катаал милдеттенмелерди өз мойнуна алган. Бирок, тилекке каршы, мамлекет тарабынан кабыл алынып жаткан мыйзамдык чараларга карабастанэмгекчилердин, өзгөчө аялдар менен балдардын укуктарын бузуу фактылары биздин коомдо дагы деле сейрек эмес. Бул түрдүү факторлор менен шартталып, а түгүл ушул факторлор менен мотивацияланат. Мисалы, Кыргызстандын экономикасындагы көмүскө экономиканын олуттуу үлүшү, улуттук мыйзамдуулуктун эмгек укуктарын коргоонун эл аралык стандарттарына ылайык келбөөсү, жумуш берүүчүлөрдүн гендердик жоопкерчилигинин жана түшүнүгүнүн төмөдүгү сыяктуу көйгөйлөр. Булар жөнүндө биз илимий макалаларыбызда да караганбыз.

Кийинки суроо биздин дагы бир устатыбыз Гүлнара Тулановна тарабынан берилди. Ооба, ишибизде сиз белгилеген көптөгөн түзүмдүк каталарга жол бергенибизди байкадым. Аларды белгилеп көрсөтүп кеткениңизге чоң рахмат, аларды сөзсүз түрдө коргоого алып чыкканга чейинки кийинки этапта Улуттук аттестациялык комиссиянын талаптарына ылайык оңдоп чыгам.

**Пулатова Г.Т.** Экинчи суроомдо эмне үчүн эмне үчүн коргоого алынып чыгылган жоболор милдеттер менен дал келбей калгандыгын сурадым эле.

**Чонатаева М.С.** Биз жоболорду жазууда бир аз кеңейтип алган экенбиз, б.а. бир милдетке туура келген жоболорду эки жана андан ашык бөлүккө бөлүп алган экенбиз, кийинки этапта кайрадан бириктирип, тактап жазып чыгабыз.

Калиев Азамат агайдын суроосу боюнча, сиздин суроонузду мен сунуш катары кабыл алдым, аны ишибиздин кийинки этаптарында сөзсүз эске аламын.

Сурооңуздар үчүн чоң рахмат, көрсөтүлгөн кемчиликтердин үстүнөн дагы да терең иш жүргүзөмүн.

**Жыйындын төрагасы:** Изденүүчүлөрдүн докладдарынан соң сөздү урматтуу коногубуз, юридика илимдеринин доктору, профессор Н.Б. Мурзаибраимов агайыбызга берели. Пикирлерге көңү буралы.

**Мурзаибраимов Н.Б.** Биз азыр эки аспиранттын диссертациялык иштеринин талкуусуна күбө болуп отурабыз. Экөөсүнүн тең темалары аябай актуалдуу темалардан. Менин маалыматым боюнча бул темалар көбүнчө Россияда, Казахстанда терең изилденген, Кыргызстанда мындай изилдөөлөр эми гана жанданып келе жатат. Мисал катары ажырашып, күйөөсү таштап

кеткен аялдардын чет өлкөлөргө барып, иштеп келгенден кийин баягы ажырашкан күйөөсү тарабынан кордукка кабылган учурларды келтирүүгө болот. Албетте бул маселелерди чечүүдө биздин сот системабызда да кемчилдиктер көп болууда.

Негизинен биздин Кыргызстанда, Өзбекстанда, Тажикистанда негизинен мусулман үй-бүлөлөр жашашат. Ушундай үй-бүлөрлөрдө бул маселе курч, андыктан бул маселелерди чечүүгө арналган диссертацияны коргоого сунуштаса болот, муну мен да колдоймун. Ал эми изденүүчүлөргө ак жол каалаймын, толуктап, кемчилдиктерин жоюуга аракет кылышсын.

**Юлдашев К.К.** Мен кафедранын мурунку башчысы катары изденүүчүөрдүн экөөсүн тең жакшы билемин, дайыма изденип, тыным билбей эмгектенишет. Илимий иштеринин темасын тандап, жетекчисин бекитип келишкенде биз да аябай сүйүнгөнбүз. Экөөсү тең мээнеткеч, тырышчаак, берилген тапшырмаларды так аткарышат. Мен булар жетекчисинин да тапшырмаларын, көрсөтмөлөрүн так аткарып келе жатышат.

Мен ойлойм, булар дагы да талыкпай эмгектенишет. Бул жерде көрсөтүлгөн кемчилдиктерди оңдойт, айтылган сунуштардын үстүнөн иштеп, дагы кошумчалайт деп ишенем. Катышуучулардан изденүүчүлөрдү колдоп берүүңүздөрдү суранып кетет элем.

**Жыйындын төрагасы:** Сөз изденүүчүлөрдүн илимий жетекчиси, юридика илимдеринин доктору, профессор Кулдышева Гулсара Кенжеевнага берилет.

**Кулдышева Г.К.**

Урматтуу коллегалар, силерге чоң рахмат, убактыңыздарды бөлүп, келип ушул жерден ойлоруңуздарды айтып жатканыңыздарга. Аябай жакшы сунуштар болду, диссертациялардын кыргызча котормосун биз сөзсүз адистерге көрсөтүп, кеңешебиз.

Албетте иштерде техникалык, стилистикалык жактан кемчилдиктерибиз бар, ошол эле учурда бизде ушуларды оңдогонго убактыбыз, мүмкүнчүлүгүбүз бар. Мен кыздарга ишенемин, аябай мээнеткеч адамдар, алдыда дагы көп иштер турат, булар ишеничтүү аткарышат деп ишенемин. Андыктан колдоп берүүңүздөрдү суранамын.

**Жыйындын төрагасы:** Анда эмесе изденүүчүгө сын-пикирлер жана каалоолор болсо айтсаңыздар болот.

**Угулду: Пулатова Г.Т.** Презентацияларыңарды бир аз ачык көрүнө тургандай кылгыла, адамды өзүнө тарта турган кызыктуу болушу керек. Изденүүчүлөргө ийгилик каалаймын, ал эми катышуучулардан аларды колдоп берүүңүздөрдү суранамын.

**Угулду: Калиев А.С.** Илимий жолду аркалаган кыздарыбызга азаматсыңар деп айткым келет. Ишиңерге ийгилик! Бул жерде суроолор канчалык көп болсо, силер ошончолук такшалып, Жогорку аттестациялык комиссига ошончолук даяр болосуңар деп ойлоймун.

Силерге сунушум, практикалык баалуулугу зор болгон силердин изилдөөңөр кагазда калып кетпестен практикалык иш жүзүнө ашыруу керек. Маселелерди чечүүдө медиацияны жана улуттук баалуулуктарды колдонууну эске алып койсоңуздар.

**Угулду: Юлдашов К.К.** Бул жердеги талкууда канчалык кемчилдиктер көрсөтүлсө, изденүүчүлөр үчүн ошончолук жакшы болот, себеби алар такшалышат, кийинки чоң сыноого даяр болушат. Анан да мен жетекчиси Гулсара Кенжеевнаны диссертациялык кеңештин ийгиликтүү ачылышы, бул кеңештин төрагасы болуп дайындалышы менен өзгөчө куттуктаймын! Ишиңиздерге ийгилик. Изденүүчүлөрдү колдоп беришиңерди дагы бир жолу суранабыз.

**Угулду: Омошев Т.Т.** Диссертанттар биздин университеттеги эң жигердүү иштеген кызматкерлердин бири. Жалпы сунушум, диссертациялык иштеги терминологияны адистер менен кеңешип, такташ керек, стилистикага терең көңүл бурушу керек. Ишиңерге ийгилик. Анын үстүнө бешенеңер ачык экен, жетекчиңер аябай төп келишип, диссертациялык кеңештин төрайымы болгону силер үчүн чоң ийгилик болуптур. Эжеке, сизге да чоң рахмат, ушул кыздарыңыз үчүн күйүп-бышып, өзүңүз келип, колдоп отурганыңызга. Кыздарыбызга да ийгилик, кечиктирбестен тез алга жылышыңар керек.

Анан эми жалпысынан бир сунуш түшүп жатат. Ошол сунушту колго салып, процедураны алга жылдырсак.

**Жыйындын төрагасы:** Анда суроо, сунуштар жок болсо, добуш берүү процедурасына өтсөк. Талкуунун жүрүшүндө айтылган сын-пикирлердин баарын эске алуу менен Чонатаева Мээримай Салижановнанын "Кыргыз Республикасындагы аялдардын эмгегин укуктук жөнгө салуу" аттуу темадагы диссертациялык иши жактоого жолдомо алынсын деген сунуш түштү. Бул сунушту добушка коемун.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары:

**"Макул"** – жыйындын баардык катышуучулары;

**"Каршы"** – жок;

**"Калыс"** – жок;

Добуш берүүнүн жыйынтыгы боюнча жыйындын катышуучуларынын бардыгы бир добуштан бул сунушка макул экендиктерин билдиришти.

Талкуу жана пикир алмашуулардан соң К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин Юриспруденция кафедрасынын кеңейтилген жыйыны

жана тарыхы; Укук жана мамлекет жөнүндөгү окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин айтылган кемчилдиктерди, сунуштарды жана каалоолорду эске алуу менен коргоого алып чыгууга сунушталсын.

2. Диссертациялык кеңештен Чонатаева Мээримай Салижановнанын "Кыргыз Республикасындагы аялдардын эмгегин укуктук жөнгө салуу" аттуу темадагы 12.00.01. – Укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; Укук жана мамлекет жөнүндөгү окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин кароого кабыл алуусу суранылсын.

**Жыйындын төрагасы,**
К.Ш.Токтомаматов атындагы
Эл аралык университетинин
Юриспруденция кафедрасынын
Башчысы, PhD, доцент: Улан уулу Авакан.

**Жыйындын катчысы,** ю.и.к., доцент: Юлдашов К.К.

**Колдорун тастыктаймын:**
К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУнун
Адам ресурстарын башкаруу
бөлүмүнүн башчысы: Суеркулова Г.